УДК: 811.512.154.
DOI: 10.35254/bhu.2019.47.23

Маданбеков А.,
К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

КЫРГЫЗ, ОРУС АНТРОПОНИМИЯСЫ ЖАНА ТИПОЛОГИЯЛЫК ОКШОШТУКТАР

КЫРГЫЗСКО-РУССКАЯ АНТРОПОНОМИЯ И ТИПОЛОГИЧЕСКИЕ ПАРАЛЛЕЛИ

KYRGYZ-RUSSIAN ANTHROPONOMY AND TYPOLOGICAL PARALLELS

Аннотация: *Бул макалада кыргыз антропонимиясы көптөгөн түрк тилдүү элдердин антропонимиясы менен окшош, ошол эле мезгилде өзүнүн өзгөчөлүгү да бар. Антропонимия маселелеринде кыргыз улуту өзүнүн салттуу антропонимиясын башка антропонимиялардан так айырмалап, улуттук өзгөчөлүгүн бекем сакташы абзел. Ошондуктан биз бул изилдөөбүздө орус антропонимиясы менен кыргыз антропонимиясынын ортосундагы типологиялык окшоштуктарды салыштыруу иш-аракеттерин жасадык.*

Түйүндүү сөздөр: *антропонимика, ономастика, образ, зат атооч, лексика, семантика, мотив, ырым-жырым, каада-салт.*

Аннотация: *Кыргызская антропономия схожа антропономии многих тюркских народов, но в то же время имеет свою особенность. В вопросах антропономии кыргызская нация должна крепко сохранять особенность своей антропонимии , четко различать от других антропонимий. Поэтому мы в своей статье попытались сопоставить типологические сходства русской и кыргызской антропономий.*

Ключевые слова: *антропонимика, ономастика, образ, имя существительное, обычай, традиция.*

Annotation: *Kyrgyz anthroponomy is similar to the anthropnomy of many Turkish people, at the same time it has its own peculiarity. The Kyrgyz nation must firmly maintain the peculiarity of its anthroponymy, clearly distinguish it is from other anthroponymies. Therefore, we tried to compare the typological similarities of the Russian and Kyrgyz anthroponomy in our article*

Key words: *anthroponymics, onomastics, image, essential name, obechch, tradition.*

Ономистика жалпы эле энчилүү аттарды же номинативдик лексиканы изилдөөчү жана үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы. Ал эми антропонимика ономистиканын бир бөлүгү, ал адамдардын энчилүү аттарын изилдейт. Тактап айтканда, антропонимика адам ысымдарын, атасына байланыштуу аттарды, фамилияларды, ылакап аттарды жана псевдонимдерди изилдөөчү илим. Адам аттары ар бир элдин тарыхынын бир бөлүгү. Адам ысымдарына элдин тиричилик шарттары, диний ишенимдери, үмүттөрү, кыялдары жана көркөм чыгармачылыгы берилет. Ар бир улуттун ысымдар тизмесинде белгилүү бир аттын пайда болушу үчүн белгилүү маданий жана тарыхый шарттары бар. Ошондуктан коюлган бардык адам ысымдары тийиштүү доорду жана заманды чагылдырып келет.

Адам аттары – антропонимдер күндөлүк турмушта колдонулуп жүргөн жөнөкөй сөздөрдөн кандайдыр бир касиеттүү күчү, кереметтүү ыйык мааниси менен айырмаланган. Ошол адам аттарынын социалдык жагы, коомдук кызматы, адрестик милдети педагогика-психология менен да байланышып турат.

Кыргыз лексикасын илимий изилдөөдө орус тилинин таасири, орус тилинен өздөштүрүүлөр боюнча дайыма көңүл бурулуп, кыргыз тили боюнча белгилүү окумуштуулар Б.М.Юнусалиевдин, К.Дыйкановдун кыргыз тилинин тарыхы, кыргыз лексикологиясы боюнча эмгектеринде орус тилинин кыргыз тилине тийгизген таасири, орус тилинен алынган сөздөр, орус тилинен кирген өздөштүрүүлөр, орус тилинен алынган сөздөрдүн статистикасы маселелери каралып келген.

Ономастика жана антропонимика боюнча белгилүү орус окумуштуулары А.В.Суперанскаянын жана Ю.М.Гусевдин редакциясы астында “Справочник личных имен народов РСФСР” деген маалымдаманын “Орус адам аттары” деген бөлүгүндө мындай берил-

ген: "Орус тили индоевропалык тилдер үй-бүлөсүнүн славян тилдеринин чыгыш славян тобуна тиешелүү, бирок орустардын ысымдарынын көбү келип чыгышы боюнча өздөрүнүн тилинен эмес. Алар христиан дини менен грек тилинен өздөштүрүлгөн. Ага чейин орустардын ысымдары болгон. Орустардын ысымдары адамдын мүнөздөмөлөрүн, өзгөчө касиеттерин, физикалык артыкчылыктарын жана кемчиликтерин, сүйлөө өзгөчөлүктөрүн, балдарынын төрөлүшүнүн кезегин жана ата-энесинин балдарына болгон көз карашын, мамилесин билдирген. Ушул мүнөздөмөлөрдүн бардыгы ысымдарда жалпы зат атоочтор менен жана образдуу түрдө, башкача айтканда, өсүмдүктөр, жаныбарлар ж.б. нерселер менен салыштыруу аркылуу берип келишкен. Ушуга мисал иретинде төмөнкү адам аттарын келтирсек болот: Волк (карышкыр), Кот (мышык), Горох (буурчак), Берёза (кайың), Рябой (чаар), Буян (ызы-чуу, тополоң салган), Первой (биринчи), Третьяк (үчүнчү), Большой (чоң), Меньшой (кенжеси), Ждан (күтүлгөн), Неждан (күтүлбөгөн). Ушул адам аттарынын чагылдырылышын биз Волков, Третьяков, Нежданов деген азыркы орус фамилияларында көрсөк болот". (Суперанская, Гусев, 1979:20).

Ал эми антропонимдер лексиканын бир катмары экендиги баарыбызга белгилүү. Окумуштуулар А.Идрисов, К.Дыйканов, Ш.Жапаровдордун кыргыз антропонимиясы боюнча жазылган эмгектеринде орус тилинин таасири боюнча бир катар маселелер каралган.

Бүгүнкү күнгө чейин орустардын адам аттарынын тизмесинде калган фамилиялардын реконструкцияланган, ар кандай маалымат булактарында сакталып калган орустардын нукура ысымдарын, ылакап аттары боюнча А.М. Селищевдин топторго бөлүштүрүүсү менен кыргыз ысымдарынын, ылакап аттарынын мүнөздөмөлөр боюнча тийиштүү топторго бөлүнүшү өтө жакын. Ошондуктан биз орус антропонимиясынын кыргыз антропонимиясы менен окшоштуктарын, шайкештиктерин, үндөшүүлөрүн белгилеп, айрым бир окшоштуктарды кыскача салыштырып кетүүнү туура көрдүк:

Үй-бүлөнүн жаңы мүчөсүнүн пайда болуу шарттары, өбөлгөлөрү жана ата-энесинин наристеге болгон сезимдери боюнча: Найден, Найденко (табылды, табылган), Жданко (күтүлгөн), Бажен (кудайдан), Любим (сүйгөн, сүйүктүү).

Орустардын бул ысымдар тобуна кыргыз ысымдарынын төмөнкү тобу окшош, мотивдеш. Үй-бүлөнүн жаңы мүчөсүнүн пайда болушу боюнча: Керексиз, Киреше, Качкын, Качкынбек, Зарлык, Сурабалды, Таштанды, Тилебалды. Ал эми ата-эненин наристеге болгон сезимдери боюнча: Жакшылык, Кубаныч, Сүйүн, Сүйкүм, Сүйөр, Эрке, Эркеайым, Эркебек .

Аталган кыргыз ысымдары мааниси боюнча гана эмес, мотивдери боюнча да окшош келет. Бул боюнча филология илимдеринин доктору, профессор Шералы Жапаровдун "Адам аттары – эл байлыгы" деген эмгегинде бул ысымдардын мотивдери боюнча төмөнкүдөй маалымат берилген: Алсак:

Керексиз. Балдары токтобогондо, теңирден кезектеги төрөлгөн перзентине өмүр беришин тилеп, ырымдап: "Бул ымыркайдын бизге кереги жок, ал ашыкча жаралган бир жан" деген ойдо коюшкан. Кыргызстандагы Таштанды, Таштанбек, Сатыбалды, Сурабалды, Таабалды, Өзүбек, Сактанды сыяктуу ысымдар менен мотивдеш. Антропонимдик үлгү-модели боюнча Атсыз, Кайгысыз, Сансыз, Муңсуз деген энчилүү аттардай (Ш.Жапаров, 2004:80).

Жогоруда айтылган орустардын ысымдары дагы ушул мотивдер менен коюлуп келген. Мындан кийинки ысымдардын мааниси тууралуу дагы кошумча маалымат катарында төмөндөгүлөрдү белгилеп коюуга болот:

Профилактикалык, ырымдап алдын алуу боюнча: Бессон (уктабаган), Бессоной (уйкусу жок), Живой (тирүү), Невзор (карай турган эмес), Негодяй, Негодяйко (шүмшүк, митаам), Смола (чайыр).

Бул орус ысымдарынын тобуна кыргыздардын да ысымдары окшош, мотивдеш келет. Өлбөс, Өлбөскан, Өмүр, Өмүрбек, Жанузак, Миңжашар, Жаманбала, Жамануул ж.б.

Кеп болуп жаткан орустардын жана кыргыздардын салыштырып жаткан тобу экөө тең профилактикалык мааниде ырымдоо менен коюлган. Төрөлгөн балдарын ырымдап өлбөй, чарчабай ыңалаап үнү чыгып турсун, көп жашасын, өмүрлүү болсун, көз тийбесин терс күчтөрдөн сактасын деп ушундай ысымдар кыргыздарда дагы, орустарда дагы балдардын ысымдарына берилип, коюлуп келген. Мындай көрүнүштөр жеке эле орус, кыргыз элдеринде гана кездешпестен, көптөгөн башка элдердин атропонимиясында кездешип келет.

Бул аталган ысымдардын мотивдерин окумуштуу Ш.Жапаров " Адам аттары – эл байлыгы" деген эмгегинде мисалдар менен берген:

Өлбөскан. Баланын ден соолугу начар болуп төрөлгөндө өлбөй калсын, жашоосун улантсын, адам болуп кетсин (өлбөсүн) деген тилек менен коюшат. Буга Бакирова Өлбөскан (1966-ж. 8-апрель, Кыргыз-Ата кыштагы, Ноокат району) аты мисал болот. Бул аттын негизги (биринчи компоненти) өлмөс түрүндө кездешет. Буга элибиздин белгилүү пахтачысы Өлмөскан Атабекованын ысымы далил. Мындай атты (Улмас) өзбек тилинен учурататып жүрөбүз.

Үй-бүлөлүк мамилелер жана төрөлүшүнүн убактысы жана мезгили боюнча: Первой, Первуня, Первуша, Первыш (биринчи), Третьяк, Третьячко (үчүнчү), Поздняк, Поздей (кеч деген сөздөн).

Ал эми кыргыздар болсо балдарына төрөлүшүнүн кезеги боюнча катар саны менен ысым койгон эмес, бирок ата-энесинин чечими менен биринчи төрөлгөн балдарына, кенже балдарына, кеч көргөн балдарына орустардын ысымдарына окшош, шайкеш келген ысымдарды коюп келишкен. Ал эми орустардын Первой, Первуня, Первуша деген ысымдарына кыргыздын Абалбек, Абалкан, Оболбек сыяктуу ысымдары окшош. Ошондой эле Малец, Малик, Малюта, деген ысымдарына кыргыздардын Кенже, Кенжекан, Кенжебек, Эрке деген сыяктуу ысымдары шайкеш келет. Муну менен катар эле кыргыз жана орус тилдери бөтөн тилдерден, бирок ошого карабастан кыргыз жана орус антропонимиясындагы типологиялык окшоштуктар абдан көп кездешет.

Аттардын коюлушу адамдардын жашоо-турмушунда мааниүү ролду ойнойт. Кандай гана элдер болбосун, алардагы коюлган аттар кандайдыр бир ишенимдерге негизделип коюлат. Коомдук мамиле-

катыштар, социалдык абал, жагдай-шарттар, кыялдык умтулуулар ишенимдин жаралышына өбөлгө болот эмеспи.

Жыйынтыктап айтканда, орустардын мурунку, нукура славян ысымдары менен кыргыздардын ысымдарында семантикалык жактан, семантикасы боюнча топторго бөлүнүшү жагынан, мотивациясы, ысым коюу каада-салттары жана грамматикалык-структуралык жактан окшоштуктар абдан көп. Биз бул окшоштуктарды кыргыздардын, орустардын ономистика, антропонимистика боюнча белгилүү окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен, эки элдин ортосундагы адам аттары боюнча топтолгон маалыматтарды талдап, изилдеп, салыштырып берүү аракеттерин жасадык.

Адабияттар

1. *Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. –Ф.: Кыргызстан, 1990.*

2. *Бабаев Э.Б. Орфографические аспекты функционирования личных имен узбеков на русском языке. –Ташкент: 1989.*

3. *Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан. –Ф.: Мектеп, 1980.*

4. *Дыйканов К. Кыргыз ысымдары: 21 миң сөз. – Ф., 1988.*

5. *Жапаров Ш. Адам аттары – эл байлыгы. –Б.: Общ. фонд содействия образованию. 2004.*

6. *Жапаров Ш. Киргизская ономастика. –Ф.: Илим, 1990.*

7. *Жапаров Ш. Кыргыз адам аттары. –Ф.: Илим, 1998.*

8. *Суперанская А.В. Справочник личных имен народов РСФСР. –М.,1979.*